| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

10.01.2025 жыл № 6 Бишкек шаары

## 2025-жылдын 1-кварталында ишкердик субьектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Ишкердик субьектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы № 56 токтому менен бекитилген ишкердик субьектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2022-жылдын 14-мартындагы № 55 буйругу менен бекитилген отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2025-жылдын 10-январнын отурумунун № 08/69 протоколун эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. Ушул буйруктун тиркемесине ылайык Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2025 – жылдын 1-кварталында ишкердик субьектилерине текшерүүлөрдү жүргүзүүсүнүн планы (мындан ары – План) бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин лицензиялоо жана контролдоо башкармалыгы тарабынан ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген План жетекчиликке алынсын.
3. Текшерүүлөрдү координациялоо боюнча милдет Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин лицензиялоо жана контролдоо башкармалыгын начальниги - А.С. Абакировго жүктөлсүн.

4. Бул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин пресс-катчысы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**